**“БЕКИТЕМИН”**
**А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик**
**педагогикалык университетинин ректору**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор Б.Б. Зулуев**

«__3__» __июнь__ 2024-ж.

**Изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

Изденүүчүнүн илимий иши Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич – педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору.

1.**Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.** Адамзаттын тарыхында анын прогресске жетишүүсүндө инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүндө жана дене тарбиясында эмгек жана эмгекчилдик чечүүчү ролду ойноп келген. Кайсыл үй-бүлө, уруу, эл, улут өз жашоолорунун негизги бөлүгүн эмгек менен айкалыштырса гана ошол үй-бүлө, уруу, эл, улут алдыңкы катарга чыгып, тескерисинче, эмгектенбегендер



ВХ № 148
7.06.2024

коомдук турмуштун агымынан четке сүрүлүп калган. Улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү азыркы этапта сөзсүз түрдө ошол улуттун башаттары, тарыхый тамыры менен байланышат. Ал эми улуттук негизге таянган кыргыз мектептери ушул тапта өзүнүн атуулдук позициясы калыптанган, ар тараптан тарбияланган инсанга муктаж, мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарды аныктоого түрткү берген.

**Изилдөөнүн максаты** - салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү, деп аныкталган.

Аныкталган максатка ылайык төмөндөгү **милдеттер** коюлган:

1. Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролунун мазмунун, функцияларын жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн материалдарын, методологиялык таянычтарын жана методдорун аныктоо.

4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

**2. Диссертациялык иштин илимий натыйжаларынын жаңычылдыгы жана далилдүүлүгү:** Диссертациялык иште изилдөөнүн обьектисине, предметине, максатына жана милдеттерине ылайык ар кандай деңгээлдеги

илимий жыйынтыктар жана натыйжалар алынган жана алар төмөнкүчө белгиленген.

Ишти аткаруу алдынан белгиленген методологиялык базага жана предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып проблеманы теориялык аспектиден үйрөнүүгө, эмпирикалык материалдарды жыйынтыктоого негизделип, аларды анализдөө жана синтездөө жолу менен максатка жеткен деп айтса болот.

Жалпысынан алганда, изилдөөдө алынган натыйжаларды жаңы деп баалоого негиз бар, себеби алар белгиленген теманын чегинде изилдөөнүн объект жана предметинин өзгөчөлүгү менен аныкталат жана коюлган максат, милдеттерге дал келет.

**Биринчи натыйжа**: Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролуназыркы мектеп практикасында колдонуунун учурдагы абалы такталды; ушул проблема боюнча окуу-нормативдик документтер үйрөнүлдүгү көрүнүп турат;

**Экинчи натыйжаны:** Жаңы деп кабыл алууга негиз бар, анткени учурда кыргыз элдик педагогикасынын салттарын пайдаланып тарбиялоо боюнча шарттар, талаптар аныкталды; тарбиялык иштер боюнча негизги материалдар үйрөнүлдү; методикалык сунуштарыбыз тарбиялык сабактарда жана сабактарда тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдер тарабынан текшерилди; окуучулардын кыргыз элинин тарбиялоо маданиятына болгон кызыгуулары аныкталды; окуу-тарбия процессинде азыркы ата-энелердин таасири канчалык экендиги такталдыгы көрсотүлгөн ж.б.

**Үчүнчү натыйжаны:** Жаңы деп кабыл алууга негиз бар, анткени салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча тажрыйбалык материалдар ар тараптуу үйрөнүлдү жана алар жыйынтыкталды; алынган натыйжалар илимий жактан жалпыланды; материалдар анализденип, синтезделди; иштин гипетозасынын ырастыгы дагы бир жолу текшерилди;

темага байланыштуу окуу-тарбия процессине ылайлык практикага сунуштар берилгенгендиги менен мүнөздөлөт;

**3. Илимий иштин жаңылыгын жана теориялык маанисин** төмөнкүчө баалоого болот: «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролу» түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилиши; элдик педагогикадагы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, факторлору, методдору, ыкмалары талдоого алынгандыгы; кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндө балдарды эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалгандыгы менен мүнөздөлөт.

**4. Илимий иштин практикалык баалуулугу:** чыгарылган сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун байытууда, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтүп түзүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарында колдонулушу менен түшүндүрүлөт.

**5. Алынган натыйжалардын, илимий жоболордун далилдүүлүгү.**

Изилдөөнүн натыйжасында коргоого коюлган жоболор логикалык жактан жүйөлүү жана далилдүү болуп, изденүүчүнүн көп жылдык илимий жана педагогикалык тажрыйбасына негизделген жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоосунун принциптери жана эмгекчилдиктин критерийлери берилген;

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелер колдонгон тарбиялоонун формалары, жолдору, ыкмалары, каражаттары көрсөтүлгөн;

3. Салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоо салттарын азыркы мектептин, үй-бүлөнүн, жалпы коомчулуктук педагогикалык практикасында пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү белгиленген;

4. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды ата-энелер эмгекке тарбиялоодо колдонгон тажрыйбаларды педагогика илими иштеп чыккан теориялык-методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен учурдагы жаштардын тарбиялануусунун эффективдүүлүгүнө шарт түзөрүн илимий аспектиден тастыкталган.

**6. Диссертациялык иштин автореферaты** изилдөөнүн илимий аппаратын, теориялык негиздерин, изилдөө методдорун жана материалдарын, жалпы мазмунун жана структурасын, эксперименталдык иштердин жүрүшүн жана натыйжаларын чагылдырып турат.

Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер берилген.

**7. Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүү деңгээли.** Изилдөөнүн мазмуну 12 илимий макала, анын ичинде 4 макала РИНЦ тизмегиндеги журналдарда чагылдырылган.

**8. Жогоруда белгиленген илимий жетишкендиктер менен катар, диссертациялык иште төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:**

-текстте берилген авторлор (диссерт. 38,41,42бб) колдонулган адабияттардын катар сандарында каяктан алынганы, белгиленген эмес, кээ бирлери дал келбейт.Текстте бир нече орусча сөздөр кыргызчага которулбай берилген, мисалы: формалары, наркоман, практика, проблема, запастары, принциби, функциялар, формалык жагы, материалдары, конкретүү, предмет, глава, край, экскурсия ж.б. буларды кыргызчага которуп киргизсе талапка ылайык болот эле.

Бирок, белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий баалуулугун түшүрбөйт, алардын көпчүлүгүн оңдосо болот, алардын айрымдары ишти илимий жактан тариздөөнү күчөтүү максатында белгиленди.

**9. Корутунду.**

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан жазылган «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу диссертациялык иш 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келет. КР УАКтын педагогика адистиги боюнча кандидаттык окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга толугу менен жооп берет, ал эми изденүүчүгө педагогика илимдеринин кандидаты даражасына татыктуу деп эсептоого болот.

Расмий пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин **педагогика жана психология кафедрасынын** жыйынында талкууланып кабыл алынды.

«3» июнь 2024-жыл, протокол №10

А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик
педагогикалык университетинин, педагогика
жана психология кафедрасынын башчысы,
п.и.к., доцент Даминова И.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
ТАСТЫКТАЙМЫН
«3» 06 2024 ж.г.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Кадыралиева А.Б.